DosTek group
Кыргызстан, г. Бишкек,
ул. Коенкозова, 8
e-mail: office@dostek.kg
www.dostek.kg
+ 996 312 960 360 + 996 776 960 360
+ 996 706 960 360 + 996 558 960 360

# Электрондук кол тамганы (ЭКТ) жаңыртүү үчүн документтер

ЭКТнын мөөнөтүн узартуу үчүн, аны жаңыртуу зарыл. Жаңыртуунун 2 жолу бар:

1. ЭКТсын «RuToken» эс тутумунда сактаган колдонуучулар, «DosTek group» компаниясынын кеңсесине кийинки документтерди тапшыруусу керек:

   - Юридикалык (жеке) жакты Мамлекеттик каттоо жөнүндөгү күбөлүгүнүн көчүрмөсү.
   - Жетекчинин паспортунун көчүрмөсү (чет тилде жазылган паспорттун көчүрмөсү мамлекеттик же расмий тилдеги нотариалдык ырасталган котормосу менен тапшырылат).
   - Башкы бухгалтердин паспортунун көчүрмөсү (эгер башкы бухгалтер каралган болсо).
   - Эгер жетекчи же бухгалтер которулса, кызматтан бошотуу жана дайындоо жөнүндөгү документтердин (буйрук же чечимдин) көчүрмөсү (ЭКТ ээлери алмашкан учурда).
   - ЭКТ алуу үчүн М-2а формасындагы ишеним кат. Ишеним катка компаниянын мөөрү жана жетекчинин колу коюлушу керек (үлгүсүн “Документтер” бөлүмүнөн жүктөөгө болот).
   - ЭКТну алууга жоопкерчиликтүү ишенимдүү адамдын паспортунун көчүрмөсү.
   - «RuToken» эс тутуму.

2. ЭКТсын «E-Cloud» булуттагы корголгон түзүлүшүндө сактаган колдонуучулар, кеңседе, жогоруда аталган документтер менен жаңыртса да болот, ошондой эле онлайн буйрутма жөнөтүп, алыстан жаңыртып алса да болот.

   Эгер ЭКТны алыстан жаңыртуу ыңгайлуу болсо, мөөнөтү аяктоосун күтпөстөн, системада билдирүү пайда болоору менен онлайн буйрутма жөнөтүүнү сунуштайбыз, анткени ЭКТны даярдоо 7 күнгө чейин созулушу мүмкүн. ЭКТнын мөөнөтү аяктаганча онлайн буйрутма жөнөтүлбөсө, жаңыртуу үчүн «DosTek group» кеңсесине келүү керек.

   «DosTek group» адистери буйрутманы кабыл алгандай кийин колдонуучунун балансынан ЭКТнын төлөмү алынат, бирок жаңы ЭКТ эскинин мөөнөтү аяктагандан кийин гана колдонула баштайт.

   Уюмдун төмөндөгү реквизиттери алмашса, ЭКТ алыстан жаңыртылышы **мүмкүн эмес**:

   - Уюмдун аталышы жана ИННи;
   - Уюмдун жайгашкан жери (шаар, айыл);
   - ЭКТ ээсинин аты-жөнү, кызматтык абалы, паспортунун сериясы;
   - Электрондук дарек.

   Мындай учурларда, «DosTek group» кеңсесине ЭКТны жаңыртуу үчүн жана реквизиттердин алмашышын далилдеген документтерди тапшыруу менен жаңыртса болот.